КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ
723510.Ош шаары Э.Алиев коч.№128 (тел.03222 5-64-29)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ
СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА
723510.г.Ош ул.Э.Алиева № 128. ( тел. 03222-5-64-29)

---

Чыг. № 32/3- 6157
« 08 » 07 2021-ж.

Вх. 197
08.07.21

Ош шаардык АШКнын
төрагасы
**У. Аттокуровго**

07.07.2021-жылы, Ош ШИИБнын ЭММКАКнын улук ыкчам өкүлү милициянын п/полковниги Ш.Жамылов билдирүү менен кайрылып, анда 2021-жылдын 7-июль күнү, Ош шаарынын жергиликтүү кеңешке депутаттарын шайлоого карата, Ош шаарынын Төлөнов көчөсүндө "Бирбол" саясий партиясына шайлоочулардын добуштарын сатып алуу максатында 1000 сомдон 4000 сомго чейин акча таратып жаткандыгы боюнча кабарлаган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 07-июль күнү, саат 22:43 минутада Ош ШИИБнын маалымат электрондук журналына **№02-041-2021-001717** саны менен катталып, ыкчам-тергөө тобунун кызматкерлери тарабынан окуя болгон жерге барып, окуя боюнча тийиштүү материалдар жыйналды. Топтолгон материалдар Кыргыз Республикасынын ЖКнын 192-беренеси 1-бөлүмү менен кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине **03-041-2021-001195** саны менен катталган сотко чейинки өндүрүш ишине бириктирилген.

Ыкчам-тергөө тобунун кызматкерлери тарабынан, окуя болгон жерге кароо учурунда, Ош шаарынын Төлөнов көчөсүндөгү Досаф ишканасында жайгашкан “Бирбол” саясий партиясынын штабынын ичинде, “Бирбол” саясий партиясынан депутаттыкка талапкер [redacted], Төлөнов көчүнүн №[redacted] 5000 (беш миң) сом акча жана 4 даана “Бирбол” саясий партиясынын үгүт баракча календарын бергендиги такталып, бул акча менен календарлар [redacted] далил зат катарында алынды.

[redacted] көрсөтмөсүндө “Бирбол” саясий партиясынын үгүтөчүсү [redacted] Бирбол саясий партиясынын штабына барып акча алып ал деп айтканда, штабка барып, талапкер [redacted] 5000 сом акчаны мени шайлап койгула деп үй-бүлөө мүчөлөрүнө кошо бергенин билдирген.

Жогорудагылардын негизинде “Бирбол” саясий партиясынын талапкери *26.09.1993- жылы туулган, Ош шаарында туулган, улуту өзбек, билими атайын орто,* үй бүлөлүү, сөзүнөн мурда соттолбогон, убактылуу эч жерде иштебеген, Ош шаарынын А.Шакиров көчөсүнүн №271/5-үйүнүн тургуну [redacted] жазык жоопкерчилигине тартууга уруксат берүү маселесин **тез арада** чечүүнү суранабыз.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги **А.Раимбердиев**

Сканировано с CamScanner